2015-76

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**Академик Ж.Алышбаев атындагы ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ**

**Д.08.13.004 Диссертациялык кеңеш**

Кол жазма укугунда

**УДК: 33:382:338(575.2):338(560)**

**Халил Коч**

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТЫ КЕҢЕЙТҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ
**(Кыргызстан менен Түркиянын мисалында)**

08.00.05 –Экономика жана эл чарбасын башкаруу

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек- 2015**

**Диссертациялык иш С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин "Экономика" кафедрасында аткарылды**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | экономика илимдеринин доктору, профессор<br>**Атышов Кѳбѳгѳн Атышович** |
| **Расмий оппоненттер:** | экономика илимдеринин доктору<br>**Аттокурова Нуржамал Сабыровна,**<br><br>экономика илимдеринин кандидаты, доцент.<br>**Калманбетова Гульзат Талимбековна** |
| **Жетектөөчү уюм:** | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик башкаруу академиясы<br>Дареги: Бишкек ш., Панфилов көч. 237. |

Диссертация Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын акад. Ж.Алышбаев атындагы Экономика институтундагы Экономика илимдеринин докторлук (кандидаттык) ишти коргоо боюнча Д.08.13.004 Диссертациялык кеңеште 2015-жылы 25 февралда саат 16-00 корголот.
Дареги: 720071, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265а, Диссертациялык зал (1-кабат).

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот.
Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265а.

Авторефарат 2015-жылдын 23 январында таратылды.

Д.08.13.004 Диссертациялык кеңешинин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин доктору С.Е. Савина

## ИЛИМИЙ ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** Базар мамилелеринин шартында интеграция процесси дүйнөлүк деңгээлдеги региондордун макроэкономикалык абалын турукташтырууга, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, келечектеги өнүгүү багыттарын тигил же бул өлчөмдө так аныктоого олуттуу фактор катары таасирин тийгизип жатат.

Көптөн бери бир нукка салынып, өнүгүп жаткан эл аралык тажрыйбага ылайык интеграциянын негизин товарлардын, акча каражаттарын, эмгек капиталын, инновациялык ачылыштардын айрымдары мамлекеттердин чек арасынан эки тараптуу ээн-эркин өткөрүү механизмдери иштелип чыккан. Ушундай ыкмада протекциондук тоскоолдуктарды төмөндөтүү менен тигил же бул өлкөнүн жөнөткөн товарларынын жана тейлөө көрсөтүүлөрүнүн чыгымдарын төмөндөтүүгө, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга ыңгайлуу шарт түзүлөт.

Өлкөнүн кандай болсун тышкы экономикалык байланыш алкагындагы соода ишин өнүктүрүү, башка мамлекеттер менен карым-катнашты күчөтүү азыр башкы факторлордун бирине айланып олтурат. Анткени, көп өлкөлөргө, анын ичинде Кыргызстанга, калк кеңири керектөөчү товарлардын басымдуусун жана өндүрүшкө керектүү түрдүү жабдууларды сырттан алууга туура келет.

Кыргызстандын, ошондой эле Түркиянын экономикалык жактан өнүгүшүн ар тараптуу иликтөөдө тышкы соода ишин жөнгө салууга байланыштуу маселелерди теориялык жактан иликтөө иши али аягына чейин изилденип бүтө элек. Ошондуктан ички жана тышкы чөйрөнүн дайыма өзгөрүлүп жаткан шартындагы экономикалык реформаны ишке ашыруунун механизмин иликтөөнү, дүйнөлүк базар алкагындагы келечектеги багыттарын жакшыртуу боюнча так аныктоо теориялык жактан эле эмес, ошондой эле практикалык жактан дагы өтө зарыл.

Ушундай шартта түпкү теги бир элдин экономикалык карым-катнашы кийинки мезгилде бир нукка түшкөн Кыргызстан менен Түркия мамлекеттеринин экономикалык жактан өнүгүшүн, эл аралык байланышынын өнүгүү тенденциясын ар тараптуу иликтөө жана келечектеги багыттарын аныктоо, аны бир нукка салууну жакшыртуу боюнча илимий жактан негизделген сунуш даярдоо зарылчылыгы бар экендиги аныкталды. Ушундан келип чыккан маселени илимий талдоо жүргүзүү, тиешелүү жыйынтык чыгаруу диссертациялык иштин темасынын кыйла актуалдуу, учур талабынын башкы маселеси экендигин аныктады.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын 2012-2014 жылдардын ичиндеги стратегиялык өнүгүшүнүн, Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык жактан 2015-жылга чейин өнүктүрүүнүн концепциясынын жана Түркиянын экспорттук стратегиясынын материалдарынын жана С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин "Экономика" кафедрасынын пландык ишинин «Кыргыз

Республикасынын азыркы этаптагы экономикасын колдоо боюнча эл аралык кредит саясаты» темасынын алкагында даярдалды.

**Диссертациялык иштин максаты.** Кыргызстан менен Түркиянын тышкы экономикалык байланышынын маанисин, аны өнүктүрүүнүн багыттарын иштеп чыгуу, ааламдашуу шартында тышкы соода, социалдык өнүгүү ишин жакшыртуунун башкы багыттарын иштеп чыгуу.

**Максатка жетүү үчүн төмөнкүдөгү милдеттер аныкталды:**

- ааламдашуу шартындагы тышкы экономикалык байланыштын маанисин жана өлкөлөрдүн ортосундагы соода ишин өнүктүрүүнү ишке ашыруунун механизмин теориялык, методикалык жактан иликтөө;
- учурдагы эл аралык байланыштын абалын, өнүгүү тенденциясын, тышкы соода саясатынын өзгөчөлүктөрүн, өнүгүүсүнүн башкы багыттарына таасирин тийгизген факторлорду талдоо;
- өлкөлөрдүн экономикасынын калыптанышынын, өнүгүшүнүн тышкы экономикалык байланышына, анын ичинде соода-сатык ишине тийгизген таасирин талдоо;
- эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышынын учурдагы калыптануу өзгөчөлүгүн, азыркы абалын, өнүгүү тенденциясын, соода, билим берүү, туризм жаатындагы байланыштарын, өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу иликтөө жүргүзүү;
- өлкөлөрдүн экономикасынын башкы багыттарынын, тышкы экономикалык байланыштарынын келечектеги өнүгүшүн аныктоо боюнча сунуштарды даярдоо;
- экономиканын агрардык секторундагы эң келечектүү төө буурчакты өстүрүү жана кайра иштетүү боюнча иштиктүү сунушту негиздөө;
- келечекте эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышын кеңейтүү;
- Кыргызстанда туризм бизнесин өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизүүчү иштиктүү долбоор даярдоо.

**Иштин илимий жаңылыгы** - эки өлкөнүн экономикасынын өнүгүү тенденциясы, калыптануу жолундагы тышкы соода, билим берүү, туризм бизнеси боюнча бир катар чечүүнү талап кылган маселелерди илимий жактан иликтөө болуп саналат. Диссертациялык иштин илимий жаңылыгынын негизин төмөнкүлөр камтыйт:

- базар мамилелеринин шартындагы дүйнөлүк тышкы экономикалык байланыштын калыптануу өзгөчөлүгү, өнүгүү тенденциясы теориялык нуктан терендетилип талданды;
- тышкы экономикалык байланышка таасирин тийгизүүчү ааламдашуу, интеграциялык процесс, кылкасыз өнүгүү, илимдин, техниканын, технологиянын мааниси сыяктуу факторлордун тышкы экономикалык байланышка тийгизүүчү таасири талданды;
- тышкы экономикалык байланыштын эл аралык бай тажрыйбасы ар тараптан иликтенип, өзгөчөлүктөрү талданып, анын алгылыктуу жактарын колдонуу боюнча башкы багыттары аныкталды;



- тышкы экономикалык байланыштын, айрыкча эки өлкөнүн соода ишиндеги, туризм бизнесиндеги өнүгүү тенденциясы, билим берүүнүн калыптанышы комплекстүү иликтенди;
- экономиканы өнүктүрүүнүн, анын ичинде тышкы чарба байланыштарын кеңейтүүнүн келечектүү башкы багыттары аныкталды;
- агрардык сектордогу экспортко жөнөтүлүүчү, эң келечектүү төө буурчакты өстүрүү жана кайра иштетүү боюнча иштиктүү негиздеме сунушталды;
- тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнү келечектүү багыттарынын бири катары Түркияда боз үйлөрдүн тобунан куралуучу «Кыргыз айылын» жайгаштыруу боюнча атайын долбоор даярдалды.

**Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү.** Автор тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн ааламдашуу шартындагы теориялык негизин бир нукка салып жыйынтыктап, соңунан Кыргызстан менен Түркиянын материалдарын иликтөөнүн уңгусунда эки өлкөнүн келечектеги тышкы байланышынын башкы багыттарын аныктады.

Диссертациядагы тышкы экономикалык байланышты кеңейтүүнү көздөп сунушталган «Улуу Жибек Жолундагы Байыркы Түрк дүйнөсү» аталыштагы эл аралык фестивалды өткөрүп туруунун жана боз үйлөрдүн тобунан куралуучу «Кыргыз айылын» туризм бизнеси эң мыкты өнүгүп жаткан Түркиянын аймагында реклама катары жайгаштыруу боюнча атайын долбоорун келечекте ишке ашыруу практикалык жактан өтө маанилүү.

**Илимий жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертацияда иликтенген маселенин учурдагы актуалдуулугу жана алынган жыйынтыгын эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышын кеңейтүү ишине, андан ары карай натыйжалуу өнүктүрүүгө кеңири колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн келип чыгышы менен айырмаланат. Иштеги жыйынтыкталган теориялык жана практикалык сунуштар өлкөлөрдүн экономикалык секторлорунун, биринчи кезекте тышкы экономикалык байланыштын айрым багыттарын өнүктүрүүгө, товар алмашуудагы, билим берүүдөгү, туризм бизнесиндеги карым-катнашты күчөтүүгө олуттуу түрткү берет.

Иликтөөнүн жыйынтыгын мамлекеттик органдар тышкы экономикалык байланыштын башкы багыттарын аныктоого, иштиктүү долбоорлорду даярдоого, ошондой эле бул багыт жагынан мындан аркы изилдөө иштерине, «Дүйнөлүк экономика», «Эл аралык экономикалык мамилелер», «Тышкы соода», «Тышкы экономикалык иштиктүүлүктүн негиздери» сабактарын өтүүдө, окуу-методикалык комплекстерди даярдоодо колдонулушу ыктымал.

**Диссертациянын коргоого алынып чыккан негизги өзөгү:**

- өлкөлөрдүнүн тышкы экономикалык байланышынын өнүгүшүнүн, алардын формаларынын түрлөрүнүн өсүшүнүн тышкы чөйрөнүн тынымсыз өзгөрүшүнө дайыма дал келе тургандыгы, экономикалык секторлордун алдыга коюлган стратегиялык максаттарга так жооп бериши, өз кезегинде ал мамлекеттин дүйнөлүк чарба комплексиндеги тышкы экономикалык байланышынын ээлеген ордун аныктоого мүмкүндүк бере тургандыгы аныкталды;

- ааламдашуу шартындагы базар экономикасынын негиздерин жана концепцияларын иликтөөнүн уңгусунда тышкы экономикалык байланыш, экономиканын тышкы соода, инвестиция жана финансы-кредит секторлору бирдиктүү тутумда аракетке келтирилсе, экономикалык өсүштүн деңгээлин жогорулатуунун олуттуу фактору катары таасирин тийгизе тургандыгы бышыкталды;

- тышкы экономикалык байланыш алкагында, айрыкча эки өлкөнүн соода саясатындагы иши туура багытта бара жаткандыгы, туризм бизнесиндеги өнүгүү тенденциясы улам барган сайын кеңейип, иштиктүү нукка түшкөндүгү, билим берүү тармагындагы система толук калыптанып, лицейлерде келечектүү кадрлар даярдалып жаткандыгы ар тараптан иликтенип, аныкталды;

- тышкы экономикалык байланышты келечекте ийгиликтүү өнүктүрүп, экспорттук потенциалды кеңейтүү үчүн Түркияда эң алды менен өндүрүштө илимий жана коммуникациялык технологияларын жайылтуу, электр энергия менен камсыз кылуунун коопсуздугун чечүү, экономика, экология секторуна инвестицияларды жетиштүү тартуу жана каржылык булактарды камсыз кылуу, тейлөө инфраструктуранын сапатын эл аралык деңгээлдин бардык талабына дал келгидей даярдоо эң башкы маселе катары карoo сунушталды;

-туристтик имиджди келечекте кеңейтүү үчүн эң алды менен Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн саясатынын түпкү максатын, атаандаштыкка байланыштуу талаптарды, келүүчү туристтердин топторун, тиешелүү чечим чыгаруунун тууралыгын, туризм бизнесин эл аралык базардын кайсыл бөлүгүнөн көбүрөөк акмалоо туура экендигин, туризмдин кайсыл түрлөрү менен атаандаштыкка чыккан туура экендигин так аныктоо, илимий талдоо, маркетингдик изилдөө жүргүзүү олуттуу орунду ээлей тургандыгы бышыкталды;

- тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн келечектүү бир багыты катары Түркиянын туризм бизнеси мыкты өнүккөн Анталия курорттук шаарынын четине курамы он бир боз үйдү камтыган «Кыргыз айылын» жайгаштырып, соңунан келген туристтерге көчмөндөрдүн жашап келген турак жайын, көздүн жоосун алган жасалгаларын көрсөтүү, экран аркылуу ажайып кооз тоолуу жерлери менен тааныштыруу максатында экономикалык жактан негизделген атайын долбоор даярдалды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробациясы.** Автордун диссертациялык изилдөөсүнүн негизги жана чыгарылган жыйынтыгы төмөнкүдөй эл аралык, республикалык жана жогорку окуу жайлар аралык конференцияларда, семинарларда баяндоо жасалган: М.Рыскулбековдун 100 жылдыгына арналган «Актуальные экономические проблемы и пути их решения» (М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети, 2011-жыл, ноябрь); М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин 60 жылдыгына арналган «Развитие и повышение конкурентоспособности секторов экономики Кыргызской Республики в условиях интеграционного процесса» (2013-ж., 29-30 октябрь) ж.б.

Эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышын кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү максатында даярдалган «Улуу жибек жолундагы байыркы Түрк



дүйнөсү» аталыштагы эл аралык фестивалды Кыргызстан, Түркия жана Казакстан биргелешип өткөрүп туруу жана боз үйлөрдүн тобунан даярдалуучу «Кыргыз айылын» туризм мыкты өнүгүп жаткан Түркияда уюштуруу боюнча долбоорун практикалык жактан ишке ашырууга көмөк көрсөтүү ирээтинде Түркиянын Кыргызстандагы элчилигине диссертациянын жыйынтыкталган материалы жөнөтүлдү.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга 8 илимий макала чыгарылган, жалпы көлөмү 3,8 б.т. түзгөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш жумуштун түзүлүшү, коюлган максаты, милдеттери менен аныкталып; кириш сөздү, үч бөлүмдү, корутундуну, 122 пайдаланылган адабияттардын тизмесин, 26 таблицаны, 15 сүрөттү, 1 тиркемени камтыйт жана изилдөө темасын ачууга толук жооп берет.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** диссертациялык иштин актуалдуулугу, анын ири илимий программалар менен байланыштуулугу негизделип, иштин максаты жана милдеттери, предмети, изилдөөнүн объектиси, методдору иликтенип, иштин экономикалык, практикалык мааниси ачып көрсөтүлдү.

**Иштин биринчи«Тышкы экономикалык байланыштын базар мамилелеринин шартындагы теориялык маселелери» бөлүмүндө** улам кеңейип жаткан ааламдаштыруу шартындагы тышкы экономикалык байланыштын, анын ичинде тышкы сооданын өнүгүү тенденциясынын теориялык өзөгү, башкы аныктоочу факторлору, жөнгө салуунун эл аралык калыптанган бай тажрыйбасы жеткиликтүү изилденди.

Базар экономикасынын шартындагы ааламдашуу процессинин күчөшү, улуттук чарба комплекстеринин дүйнөлүк чарбанын өнүгүшүнө ыкчам аралашуусу өз кезегинде өлкөнүн, анын региондорунун өндүргүч күчтөрүн жайгаштырууга, экономикалык секторлорунун башкы багыттарынын өнүгүшүнө, айрыкча, тышкы экономикалык байланыш процессине олуттуу таасирин тийгизип жатат. Дүйнөдөгү өлкөлөрдүн чоң - кичинесине карабай ушундай жагдайга туш келиши, эл аралык интеграцияга аралашууга умтулушу тышкы экономикалык байланыштын калыптануусуна жана мамлекеттик, региондук деңгээлде аны жөнгө салууга карата маселенин илимий-теориялык жана практикалык жактан күчөп жаткандыгын толук айкындайт.

Азыр бир дагы өлкө тышкы дүйнөгө чыкпай, ар тараптуу карым-катнаш жасабай, алака түзбөй туруп, өз алдынча өнүгүп кетиши эч мүмкүн болбой калды. Ошондуктан тышкы экономикалык байланыштын өнүгүүсүнө теориялык жактан иликтөө дагы мындан ары карай күч алып, жаңы багыттары белгиленип, айрым маселелер келип чыгат.

Тышкы экономикалык байланыштын өзөгүн түзгөн тышкы сооданын теориясы англиялык классикалык саясий экономикасынан башталат. Бул өз кезегинде дүйнөлүк экономикалык ой толгоо менен катар пайда болуп, бир

нече баскычты камтыйт. Мунун учурдагы өнүгүү маселесинин башатын төмөнкүлөр камтыйт:

эл аралык эмгекти бөлүштүрүүнүн негизи эмнеге негизделген; эл аралык деңгээлдеги адистештирүүнүн кайсы түрү тигил же бул өлкөгө же регионго ыңгайлуу жана канчалык өлчөмдө пайда алып келет; өлкөнүн тышкы соодадагы жөндөмдүүлүгү кандай факторлордун негизинде аныкталат.

Учурдагы ааламдашуу шартында ар бир өлкө үчүн тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн жана анын коопсуздугунун өтө олуттуу мааниси бар. Бул боюнча Ж.Сакс төмөндөгүдөй таамай белгилеген: «Дүйнөнүн кайсы өлкөсүн алба, алардын экономикалык ийгилиги тышкы соода ишине тыгыз байланыштуу. Азырынча бир дагы өлкө дүйнөлүк экономикалык тутумга аралашпастан эле экономиканын мыкты үлгүсүн тарта элек»[1]. Эң туура белгиленген. Чынында эле тышкы экономикалык саясат жүргүзбөгөн бир дагы мамлекетти жолуктуруу кыйын. Тескерисинче, дүйнөлүк экономикалык байланышка тигил же бул өлчөмдө аралашып, аракет кылган өлкөлөр ийгиликке ортоктош болуп, экономикалык коопсуздукту кыйла азайтат. Бул биринчи кезекте өлкөнүн ресурс потенциалын кыйла натыйжалуу керектөөгө, дүйнөлүк илимдин, техниканын жана технологиянын жетишкендиктерин пайдаланууга, аларды даярдоого катышууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, кыска аралыкта экономикалык түзүмүнүн негизги багыттарын эл аралык өнүгүүнү эске алуу менен өзгөртүүгө, ошондой эле калктын ар кандай товарга карата керектөөсүн толук камсыз кылууга болот. Ушундан улам улуттук экономиканын эл аралык товар алмашуусуна жигердүү катышууну, дүйнөлүк базар алкагына өлкөнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн факторлорун ошондой эле тышкы сооданын өнүгүшүнүн объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып көрсөтүү зарыл. Мындай муктаждык дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөй эле, Кыргызстандын жана Түркиянын мындан аркы өнүгүшүнө өтө керектүү.

Дүйнөнүн тигил же бул регионунун өлкөнүн экономикасынын, анын ичинде тышкы экономикалык байланыштын өнүгүшү түрдүү факторлордун таасиринен улам кээде басаңдап же ыкчамдашы мүмкүн. Ошондуктан тышкы экономикалык байланыштын өнүгүшүнө, ошондой эле анын коопсуздугуна таасир кылуучу негизги факторлорду иликтөө - учур талабы. Мындай факторлордун негизин төмөнкүлөр түзөт: дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүндөгү ааламдашуу процесси; дүйнө өлкөлөрүнүн экономикасынын кылкасыз өнүгүшү; өлкөлөрдүн интеграциялык бирикмелерге кошулуу деңгээли; илимдин, техниканын, технологиянын түрдүү деңгээлде өнүгүшү; эмгек капиталы, сырьелук жана финансылык ресурстар боюнча айырмачылыктар; географиялык жайгашуусунун, жаратылыш жана климаттык шартынын өзгөчөлүгү; өлкөнүн геоэкономикалык абалы.

Коомдун түрдүү баскычына, тышкы экономикалык байланыштын өнүгүшүнө, өзгөрүлүшүнө карата мамлекеттин жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү дагы күчөп, же басаңдап турат. Азыркы дүйнөлүк ааламдашуу шартында, башка

[1] Сакс Дж. Рыночная экономика и Россия. М; Экономика, 1994. 244-бет.




өлкөлөрдөгүдөй эле, Кыргызстанда жана Туркияда мамлекеттин тышкы экономикалык байланыш саясатындагы иштер бир жагынан жалпы экономикалык мыйзам ченемдүүлүккө ыктаса, экинчи жагынан, ошол учурдагы улуттук экономиканын үлгүсүнүн өзгөчөлүгүнө карата жүргүзүлөт.

Тышкы экономикалык байланышты мамлекеттик жөнгө салуунун түзүмдүк мүнөздөмөсүнүн эң башкы бөлүгү анын «ички» жана «тышкы» чеги болуп экономикалык мыйзам ченемдүүлүккө ыктаса, экинчи жагынан, ошол учурдагы улуттук экономиканын үлгүсүнүн өзгөчөлүгүнө карата жүргүзүлөт.

Тышкы экономикалык байланышты мамлекеттик жөнгө салуунун түзүмдүк мүнөздөмөсүнүн эң башкы бөлүгү анын «ички» жана «тышкы» чеги болуп эсептелет. Мындай ажырамдын унгусун улуттук жана эл аралык деңгээлден талдоо аркылуу аныктоого болот. Тышкы экономикалык байланышты мамлекеттик жөнгө салууда ички жана тышкы чеги толук эске алынып, экономикалык саясатка тийгизүүчү өлчөмүнө жараша такталат. Ошондуктан, тышкы экономикалык байланышты мамлекеттик жөнгө салуу практикасында ички жана тышкы чекти шайкеш өнүктүрүү, бирин экинчисине дал келтирүүнүн негизинде Кыргызстандын жана Түркиянын улуттук кызыкчылыгын сактоого жетишүүгө болот. Жыйынтыгында улуттук деңгээлден эл аралык баскычка өтүүнү башкы маселеге айландыруу экспорт потенциалын кыйла жогорулатууга өбөлгө түзөт. Атаандаштык абдан күч алып, товардын сапатына олуттуу таасирин тийгизет.

**Иштин экинчи «Кыргызстан менен Түркиянын тышкы экономикалык байланышынын азыркы абалы» бөлүмүндө** өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүшүнүн тышкы экономикалык байланышка тийгизген таасири, анын ичинде соода-экономикалык байланыштарынын өнүгүү деңгээли,социалдык өнүгүү жана билим нугундагы байланыштын өзгөчөлүгү каралган.

Дүйнөлүк деңгээлден алып караганда өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүшү, анын товарларды экспорттоого жана импорттоого тийгизген таасиринин өлчөмү эң эле түрдүүчө. Түркия менен Кыргызстандын дагы бул боюнча кыйла өзгөчөлүктөрү бар. Эки өлкөнүн тышкы соодасынын көлөмү убакыт өткөн сайын өсүп жатат. Эгерде 1995-жылы соода-сатыктын көлөмү 41,5 млн доллар болсо, 2012-жылы 225,8 млн долларга жеткен. Ал эми мунун ичинен экспорт менен импорттун үлүшү олуттуу айырмаланат (1-сүрөт).




| | 1995 | 1997 | 1999 | 2001 | 2003 | 2005 | 2007 | 2009 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Соодадын көлөмү | 41,5 | 51,7 | 27,7 | 29,6 | 37 | 51,6 | 93,9 | 109,5 | 225,8 | 426 |
| Экспорт | 32,2 | 8 | 7,6 | 13,8 | 11 | 18,2 | 43 | 36,7 | 50,2 | 37 |
| Импорт | 38,3 | 43,7 | 37,4 | 15,8 | 26 | 33,4 | 50,9 | 72,8 | 175,6 | 389 |

**1-сүрөт. Кыргызстан менен Түркиянын тышкы соодасынын өнүгүү тенденциясы, млн. долл.**

Түркия көптөн бери Чыгыш Европа, КМШ өлкөлөрү, анын ичинде Кыргызстан менен стратегиялык жана маданий нуктан олуттуу өзөгү болуп келүүдө. Алсак, акыркы эле 10 жылда Түркиянын КМШ мамлекеттери менен соода иши 4 эседен көбүрөөк арбыган. 2013-жылдын маалыматы боюнча булардын үлүшүнө Түркиянын товар жүгүртүүсүнүн 16% туура келген.
Түркиянын Кыргызстан менен тышкы соода жагындагы байланышы акыркы 12 жылдын ичинде 14,6 эсеге арбыган.

Тышкы сооданын калыптанышы негизинен Россия, Казакстан, Кытай, Тажикстан, Өзбекстан, Түркия, АКШ, Германия, Япония, Беларусь, Украина, Корея Республикасы сыяктуу өлкөлөрдүн үлүшүнө туура келет. 2013-жылдын маалыматы боюнча бардык соода ишинин 64,3% төрт мамлекетке тиешелүү болгон.

Азыр экспорттун көлөмүн кеңейтүү, потенциалдык мүмкүнчүлүктү толук пайдалануу аракеттери жасалып жатат. Анын түпкү маңызын экспорттун нарктык өлчөмүн арбытуу, анын түрлөрүн иштетилген продукцияларын, илим, азыркы технология арбын керектелип даярдалган товарлардын, технологиялык процесстердин эсебинен арбытуу ээлейт.

Кыргызстандын агрардык секторунда дүйнөлүк экспорт базарына чыгарылуучу эң келечектүү сырьенун катарына пахта, тамеки, төө буурчак кирет. 2013-жылы республика боюнча 49,9 миң гектарга буурчак өстүрүлүп, андан 84,9 миң тонна түшүм чогултулган. Муну өстүрүү кийинки мезгилде облустун дыйканчылыгында олуттуу орунду ээлеп, кирешелүү тармакка айланууда.



Төө буурчак учурда көбүнчөсү Түркияга (51%), Болгарияга (21%), Россияга (17,0), ошондой эле Иран, Корея Республикасы, Украина, Грузия, Белорусь, Жакынкы Чыгыш Азия, Чыгыш Европа өлкөлөрүнө экспорттолуп жатат.

Төө бурчактын өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүдөгү мындан аркы ордун, экспортко жөнөтүү мүмкүнчүлүгүн, ички керектөөнү кеңейтүүнү эске алуу менен мунун аянтын кеңейтүү каралууда. Келечекте Талас өрөөнүнөн башка дагы, Чүй боорунун батышына, Ысык-Көлдүн түндүк жагына, Жалал-Абад, Ош, Баткен облустарынын аймактарына эгүүнү кеңейтүү каралып жатат.

Иликтөө көрсөткөндөй, республикадагы төө буурчактын дүң жыйымы акыркы 5 жылдын ичинде 13,6 миң тоннага арбып, аянты 8,9 миң гектарга кеңейтилген. Анткени, өсүмдүктүн бул түрү кыйла рентабелдүү жана анын эл аралык деңгээлдеги сатуу базары калыптанган. Мындан тышкары төө буурчакты өстүрүү кошумча жумуш ордун пайда кылып, жер кыртышынын жакшырышына өбөлгө түзөт. Эң башкысы калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга, өлкөнүн бюджетинде акча каражатынын арбышына салымын кошууда. Өлкөнүн Талас, Баткен жана Чүй облустарынын аймактарында өстүрүлгөн төө буурчактын 97% түшүмү, айдоо аянтынын 96% Талас облусунун үлүшүнө туура келген. Муну өстүрүү кийинки мезгилде облустун дыйканчылыгында олуттуу орунду ээлеп, кирешелүү тармакка айланууда. Бир гектар жерден орточо 17-18 *ц* түшүм алынат. Негизги сортторуна “лопатка”, “сахарная”, “рябая”, “боксер”, “юбка”, “скороспелка” ж.б. кирет.

Өлкөнүн башка региондорунда өсүмдүктүн бул түрүн жаңыдан өстүрүп жатат. Келечекте төө буурчактын аянтын кеңейтүү жана сортторунун түрлөрүн арбытуу каралууда. Ушундай экендигин акыркы жылдардагы бул өсүмдүктүн түрүнө тиешелүү айдоо аянтынын көлөмү, дүн жыйымы жана түшүмдүүлүгүнүн жогорулап жаткандыгын дагы статистикалык материалдар толук ырастайт.

Эки өлкөнүн тышкы байланышы билим берүү, маданият жагынан дагы кыйла кеңейип жатат. Түркия Республикасынын премьер – министринин аппаратынын алдындагы Кызматташуу жана өнүгүү боюнча түрк башкаруусу (ТИКА) 1992-жылы уюштурулган. Бул ири мекеменин иши техникалык жардам көрсөтүү, экономика, соода, техника, маданият, билим берүү жана социалдык өнүгүү боюнча карым-катнаш жүргүзүү болуп эсептелет.

ТИКА башкармалыгы Кыргызстанда 22-жылдан бери иш алып барууда. Учурда экономика, соода, техника, билим берүү, социалдык өнүгүү жагынан долбоорлор жана программалар нугунда иш алып барат. Мындан тышкары региондук долбоорлорго, конференцияларга, семинарларга жана иштиктүү жолугушууларга катышууга дагы мүмкүнчүлүк алган.

Евразия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан ТИКАнын ишине катышкан алдыңкы мамлекеттердин катарында турат. 1992-жылдан берки бөлүнгөн акча каражатынын өлчөмү 18 млн. доллардан ашкан. Ар жыл сайын долбоорлорго жана программаларга жумшалган каражаттын көлөмү улам арбып жатат.

1-таблица. Кыргызстанга ТИКАдан долборлорду жана программаларды ишке ашырууга каралган каражаттар.

| Жылдар | Жумшалган каражат, миң долл. | Жылдар | Жумшалган каражат, миң долл. |
|---|---|---|---|
| 1992 | 755,3 | 2003 | 431,2 |
| 1993 | 492,5 | 2004 | 555,3 |
| 1994 | 1351,2 | 2005 | 755,2 |
| 1995 | 1379,3 | 2006 | 1415,9 |
| 1996 | 776,4 | 2007 | 1351,0 |
| 1997 | 540,8 | 2008 | 1351,2 |
| 1998 | 4162,0 | 2009 | 1279,3 |
| 1999 | 650,3 | 2010 | 776,2 |
| 2000 | 477,5 | 2011 | 540,8 |
| 2001 | 632,9 | 2012 | 4150,0 |
| 2002 | 459,9 | 2013 | 1072,0 |
| | | 2014 | 1080,0 |

Булак: http: // www/ vest - turkey. com / news detail.

Көп жылдан бери Кыргызстан менен Туркиянын ортосунда билим берүү тармагында байланыштар өнүгүүдө.

*Эл аралык "Себат" билим берүү мекемеси* коммерциялык эмес мекемелердин катарына кирет. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен "Себат" эл аралык билим берүү мекемесинин жетекчилери 1992-жылы 2-майда жарнакташып иштөө, мектептерде окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга түрткү болуу максатында келишим түзүшкөн. Бул мекеме билим берүү ишин кабыл алган Уставынын, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, ошондой эле Бириккен Улуттар Уюмунун баланын укугу боюнча Конвенциясынын негизинде иштейт.

Эл аралык "Себат" билим берүү мекемесинин Кыргызстандын аймагында азыр 15 лицейи жайгашкан. Булардын ичинен 5 мектеп 1- класстан 6-класска чейин окутууга ылайыкташтырылган. Мындан тышкары "Силк Роад" аттуу эл аралык мектеп, "Ататүрк-Алатоо" эл аралык университети бар. Ар биринин өз алдынча калыптанган жолу, тийиштүү өлчөмдө өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Айрымдары мындан 20 жыл мурун иштей баштаса, кээ бирине 10 жыл толо элек. Жайгашкан жери, окугандардын саны, окуу имараттарынын салынышы жагынан дагы бири - экинчисинен өзгөчөлөнүп турат. Алсак, учурда Бишкектеги Ч.Айтматов атындагы кыргыз-түрк эркектер лицейинде 562 окуучу болсо, Таластагы "Мээрим-Себат" кыздар лицейинде 227 окуучу билим алат.

"Себат" кыргыз-түрк лицейлерине жыл сайын орточо 1200 окуучу кабыл алынат. Акыркы жылдардагы лицейлерге кабыл алуу экзамендин жыйынтыгы боюнча бир орунга 42 балага чейин тапшыргандыгы аныкталган, сынакка катышкандардын саны 51 миңге жеткен.

Окуучулардын билим деңгээлин аныктоонун олуттуу көрсөткүчүнүн бири олимпиадада байгелүү орундарга татыктуу болуу. 2010-2013-окуу



жылында Кыргызстандагы жалпы билим берүүнүн 14 сабагы боюнча өткөрүлгөн окуучулардын олимпиадасында 2 миң мектептин өкүлдөрү катышкан. Буга "Себаттын" 14 лицейи 11 сабак боюнча катышып, жыйынтыгында байгелүү орундардын 46% на татыктуу болушкан.

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетин ачуу тууралуу 1995-жылы 30-сентябрда* Измир шаарында эки өкмөттүн ортосунда кол коюлган. Сонунан эки өлкө ыйгарым укуктуу органдары аркылуу келишим бекитилгенден кийин университет 1997-1998-окуу жылынан тартып иштей баштаган.

Окуу жайындагы студенттер азыр гуманитардык, так илимдер, искусство, экономика жана менеджмент, коммуникация, инженерлик, ветеринардык, айыл чарба факультеттеринде, физкультура жана спорт, консерватория, туризм, мейманканаларды башкаруу мектептеринде билим алат.

**Үчүнчү, «Кыргызстан менен Түркиянын тышкы экономикалык байланышынын келечеги» бөлүмүндө** тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн негизги багыттары, айрым өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары, жакшыртуунун айрым жолдору, туризм бизнесин өнүктүрүү боюнча сунуштар көрсөтүлдү.

Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы тышкы экономикалык байланышын кыйла кеңейтүүнүн негизинде сооданын көлөмүн келечекте 1,0 млрд. доллардан ашыруу боюнча атайын макулдашуу кабыл алынган. Ушул белгиленген өлчөмгө жетүү жана андан ары карай ашыруу үчүн учурда эки өлкө биргелешип экономикалык, социалдык нуктан иш алып барууда.

Түрк элинин мыкты уулу Гази Мустафа Ататүрк учурунда төмөндөгүдөй ой толгоосун баса белгилеген эле: «Урматтуу мырзалар, бардыгыңар билгендей эле жашоо-бул күрөш. Жашоодогу ийгиликтер түздөн -түз күрөштө ийгиликке жетүүгө байланыштуу. Бул болсо моралдык жана материалдык күч-кубатка негизделет». Анын эгемендик үчүн күрөшүүнүн мааниси тууралуу айтышы учурунда элинин калың катмарына чоң дем берген. Келечекте алдыга коюлган башкы максатка жетүүдө так ушундай аракет жасап, Түркияны дүйнөдөгү экономикасы эң күчтүү, заманбаптын талабына толук жооп берген, экспорттук потенциалы ашып-ташыган алдыңкы мамлекетке айландыруу аракеттери тынымсыз көрүлүп жатат.

Келечекте Түркиянын эки айрым дүйнөнү биргелештирген Батыш жана Чыгыштын ортосундагы көпүрөнүн ролун аткарышы эл аралык деңгээлде географиялык ыңгайлуулугу жагынан үстөмдүк кылууга шарт түзөт. Бир жагынан Батыштын өнүккөн экономикасы, экинчи жагынан жакынкы Чыгыш жана мурдагы совет өлкөлөрү, алардын ичинде, Кыргыз Республикасы – булардын бардыгы тышкы соода-сатык базарын кеңейтүү жана өнүктүрүүгө ыңгайлуу жагдай түзүүдө.

Эң башкысы, экспорттун көлөмүн 500 млрд долларга жеткирүү аркылуу дүйнөлүк соода-сатыкта башкы өлкөлөрдүн катарына кирүү экспорттук стратегиянын негизги багыты болуп эсептелет. Алдыга коюлган мындай максатка жетүү үчүн эң алды менен дүйнөлүк соода-сатыктын талаптарына жооп берген продукцияларды чыгаруу, экспортко багытталган

продукциялардын өндүрүшүн модернизациялоо жана илимий ачылыштарды жайылтууга багытталган иш чаралар ишке ашырылат.

Адистердин эсептөөсүнө ылайык келечектеги 10 жылдын ичинде экспорттун көлөмү 34,5 млрд долларга жеткирүү каралган. Бул көрсөткүч дүйнөлүк соода-сатыктагы үлүштүн 1,5% ын камсыз кылат да, Түркия дүйнөдөгү экономикасы эң мыкты 19 өлкөнүн ичинен орун алат. Жыйынтыгында өлкөнүн дүйнөлүк соода-сатыктагы көлөмү эки эсеге өсөт. Экспорттун көлөмүн арбытууда мыкты технологияларды колдонуунун негизинде даярдалган жаңы продукциялар маанилүү орунду ээлейт.

Түркиянын экономикасы алдыдагы 10 жылдын ичинде бир топ өнүгүп, экспорттун көлөмү кыйла арбыйт. Биздин эсеп боюнча экспорттун өлчөмү 10-25 млрд долларды түзгөн экономика секторлорунун саны кыскарып, товарларды жана тейлөө кызматы багытындагы секторлордун экспортунун көлөмү 25 млрд доллардан жогорку секторлордун саны арбый баштайт.

Келечекте түрдүү товарларды экспорттоочулардын саны кеминде 20 миңге арбыса, экспорттун көлөмү 1,0 млрд доллардан ашкан фирмалардын саны 22 жетет.

Түркиянын келечектеги экспорттук саясаты жана иш аракет планы мамлекеттик жана менчик секторлорунун кызматташтыгы менен иштелип чыгып, стратегия менен байланыштуу иш-чаралардын жүргүзүлүшү, мониторинг жана баалоо мамлекеттик жана менчик секторлорунун кызматташтыгы аркылуу жүзөгө ашырылат. Эң башкысы экономиканы келечекте өнүктүрүүнүн стратегиясын даярдоодо жана аны ишке ашырууда кыска, орто жана узак мөөнөттүү сунуштар, дүйнөлүк экономика, соода-сатык жана экспорт базарлары менен байланыштуу эл аралык булактар толук изилденип, буларга байланыштуу уюштуруу иштерине олуттуу көңүл бөлүнөт.

Тышкы экономикалык байланышты келечекте ийгиликтүү өнүктүрүп, экспорттук потенциалды кеңейтүү максатында Түркияда бир катар уюштуруу маселелери чечилет. Алсак, эң зарыл эркин соода боюнча келишимдердин, соодалык сектор комитеттеринин, дүнүнөн сатып алуучу делегациянын, ошондой эле түрдүү өлкөлөрдө өткөрүлүүчү экспортко байланыштуу эл аралык көргөзмөнүн саны, ишке ашырууга даярдаган олуттуу долбоорлордун саны, азыркыга караганда, бир топ арбыйт. Ушундай долбоорлордун келечектүүсүнүн бири - төө буурчак.

Көп жылдык тажрыйба көрсөткөндөй, төө буурчактын баасы улам өзгөрүлүп, ал негизинен дүйнөлүк деңгээлдеги тенденцияга байланыштуу болууда. Ушундай өтө олуттуу көйгөйү эске алуу менен буурчакты тазалап, бир бөлүгүн кайра иштетүү (жарым – жартылай фабрикат, консерва ж.б.) жагын мамлекеттин жардамында ишке ашыруу зарыл. Даяр продукцияны ички базарга сатуу жагын аныктап, соңунан КМШ жана Европалык Союзга кирген мамлекеттерге түз жеткирип сатуу жагын чечүү экономикалык жактан кыйла натыйжа алып келет. Ушундай ыкма аркылуу, бир жагынан даяр продукцияны жыл мезгилине карабастан арбын киреше алууга, экинчи жагынан республиканын бюджетине салык аркылуу каражат түшүп турмак.



Төө буурчактын мындай мамлекеттик деңгээлдеги келип чыккан көйгөйүн туура жана өз убагында чечүүнү эки баскычта ишке ашыруу ылайыктуу. Биринчи баскычында төө буурчакты өнөр жайлык негизде толук тазалоодон өткөрүү, кийинкисинде сырьенун белгилүү бөлүгүн кайра иштетүүгө жетишүү өлкөнүн агрардык саясатын ишке ашырууга дагы дал келет. Мунун биринчи баскычын жүзөгө ашыруу иретинде Талас облусунда төө буурчакты тазалоочу цехти иштетүүдөн баштоо ылайыктуу.

Төө буурчак тазалоочу жана өз-өзүнчө бөлүүчү мындай цех учурда Түркиянын Измир шаарындагы Ататүрк аймактык өндүрүш уюмунда чыгарылат. Жалпы кубаттуулугу: саатына 4 миң кг төө бурчак тазалоого ылайыкташтырылган. Эгерде күнүнө цех 7 саат иштетилсе, күнүнө 28 миң тонна, бир жылда 10 млн тоннадан ашык төө буурчак тазаланат.

Төө бурчактын цехте толук тазаланып, жана 1 кг. капка салынып сатыкка даяр болгон төө буурчактын ишканада иштетилип жана 1 кг. капка салынып сатыкка даяр болгон 1 кг төө буурчактын баасы 79,9 сомду түзөт, же ар 1 кг төө буурчакка 1,9 сомдон кошулат. Мунун ичине транспорттук чыгашалар, жумушчулардын айлык акысы, салык төлөмдөрү, электр энергиясы, ишкананын ижарасы ж.б. кирет. Иштетилип чыккан 1 кг. капка салынып экспортко даярдалган төө буурчактын 1 килограммы 90 сомдон сатылат, же айырмасы 10 сомду түзөт. Эгерде, бул сумманы 10 тоннадан түшкөн акчага көбөйтсөк, 1,0 млн сомду, же 17,5 миң долларды түзөт. Жыйынтыгында Түркиядан алынып келген цехке жумшалган каражат (35950 долл.) дээрлик эки жылдын ичинде акталат да, соңунан жылдык таза киреше 17,5 миң долларга барабар болот.

Калыптанган эл аралык тажрыйбага ылайык дүйнөдөгү өлкөлөрдүн көпчүлүгү тейлөө чөйрөсүндөгү экономиканын, эң ири өлчөмдө туризм бизнесин өнүктүрүүнү ар тараптан колдоп, материалдык жана моралдык жактан өбөлгө түзөт. Бул багытта ишти туура баштоо үчүн тигил же бул мамлекет өзүнө таандык, ылайыктуу жана жыйынтык чыккыдай бренддин даярдап, соңунан өнүктүрүүнүн башкы багыттары иштелип чыгат. Туризмди өнүктүрүүгө байланышкан мындай экономикалык саясат туура багытта жүргүзүлсө, анда жасаган аракет текке кетпейт дагы, жыйынтыгы экономикалык жактан толук акталып, келечеги үзүрлүү болот. Анткени, мындай иштиктүү экономикалык саясатты ишке ашыруу кандайдыр бир туристтик комплекстин эле натыйжалуулугун арттырбастан, өлкөнү бүтүндөй кадыр баркын жогорулатып, туристтердин эле келишин камсыздабастан, чет элдик ири инвесторлорду да тартууга жардам берет.

Кыргызстанда асман тиреген тоолор, токойлор, шиберлер көлдөр жана эзелтен берки келаткан далай тарыхый эстеликтер, касиеттүү жерлер бар. Республиканын аймагы туристтик ресурстарга абдан бай. Бирок, жеринин басымдуусун тоо ээлеген кооз жаратылышын, таза суусун, эч жерде кайталангыс көлдөрүн, шаркыратмаларын дүйнөдөгү жашаган элдин көбү азырынча жеткиликтүү билбейт .

Ушундай жагдайды толук эске алуу менен чет элдик бай тажрыйбаны ар тараптан иликтөө жана туризм бизнесиндеги ишкерлер үчүн маалыматтык турларга өзгөчө көңүл бөлүү башкы маселелердин бири катары эсептелет.

Тагыраак айтканда, республиканы туристтик нукка жаңыдан багытталган, ажайып кооз аймак катары таанытуу аракетин көрүп, эл аралык туризм сегментинин тиешелүү бөлүгүнө аралашуу, келечекте ордун табуу экономикалык башкы маселенин бири. Бул үчүн негизи жеке сектор менен биргеликте республикада жана чет мамлекеттерде сапаттуу, учур талабына толук жооп бергидей маалымат борборлорун ачуу келечектеги иштин башаты болууга тийиш.

Түрк дүйнөсүнүн алкагындагы мамлекеттерде туризмге байланыштуу

Түркиянын тышкы экономикалык байланышында туризм бизнеси азыр олуттуу орунду ээлейт. 2013-жылдын маалыматы боюнча өлкөгө 36,0 млн турист келип, чет мамлекетке чыккан туристтердин саны 5,8 млн кишини камтыган. Туризмден түшкөн киреше 23,6 млрд долларга жеткен, же өлкөнүн ички дүң продукциясынын 7,5% түзгөн.

Кыргызстандан түрдүү маселелер боюнча, анын ичинде турист катары баргандардын саны арбып жатат. 2013-жылдын маалыматы боюнча турист катары 25,1 миң киши барса, Түркиядан бул жакка 67,5 миң киши каттаган. Келечекте эки өлкөнүн ортосундагы туристтердин саны бир топко арбыйт.

Биздин иликтөө көрсөткөндөй, келечекте туризм бизинесин ийгиликтүү өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири - боз үйлөрдү кенен пайдалануу болуп эсептелет. Кыргыз элинин ата-бабалардан байыртадан калган турак жайын дүйнөнүн бардык бөлүгүнө тиешелүү жерине ылайыктап жайгаштырууга болот. Эң башкысы алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтер жасалгалуу боз үйдө эс алып, тамактанып, түнөгөндү жактыра тургандыгын көп жылдык тажрыйба көрсөтүп олтурат. Ушундай жол менен кыргыздардын үрп-адатын, маданиятын, байыркы тарыхын кеңири тааныштырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Мейманканалардагы бөлмөлөрдүн баасына салыштырмалуу боз үйлөрдүкү бир топ арзан түшө тургандыгы менен айырмаланат. Кызмат көрсөтүүнүн кошумча түрлөрү дагы анчалык көп каражатты талап кылбайт. Албетте, келечекте мындай тейлөөлөр туризмдин өнүгүшү менен кыйла кымбаттайт.

Ушундай ыңгайлуу жагдайды эске алуу менен туристтердин Түркиядан жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүнөн Кыргызстанга келишин арбытууну көздөй турган биргелешкен иштиктүү доолбоордун негизи даярдалды. Бул «Кыргыз айылы» деп аталып, курамына 11 боз үй кирет. Түркиянын Анталия шаарынын четине жайгаштыруу каралууда.

«Кыргыз айылы» долбоордун алкагындагы толугу менен жабдылган боз үйлөрдү даярдоого жумшалуучу каражаттын жалпы көлөмү 113 миң долларды түзөт. Мунун ичинен боз үйлөрдү сатып алууга 90 миң доллар керектелет, же бардык сарптоонун 79,6% ын ээлейт.

Долбоордо келүүчү туристтерди боз үйлөрдө тейлөө көрсөтүүчү, сатык иштерин жүргүзүүчү түрдүү адистикти аркалаган кызматкерлерди, жумушчуларды керектейт. Биздин эсеп боюнча 11 боз үйдү тейлөөгө жалпысынан 20 киши талап кылынат. Кызматкерлердин айрымдары ошол жерде кошумча боз үй тигип, же жакын арадан батирди ижарага алса болот.



Айылды ишке киргизип, 9 ай толук иштетүүгө 309,5 миң доллар сарпталат. Мунун ичинен каражаттын негизги бөлүгү боз үйлөрдү, алардын жасалгаларын, эмеректерин сатып алууга, кызмат акыга, кошумча чыгымдарга бөлүнөт. Жалпы түшкөн каражат өлчөмү 102,5 миң долларды түзөт.

Долбоордун жыйынтыктоо бөлүгүндө жана иштетүүгө жумшалган инвестиция капиталынын кайрымдуулугун аныктоо эң башкы көрсөткүчү болуп эсептелет. Биздин эсеп боюнча боз үйлөр белгиленген мөөнөттүн ичинде, тагыраак айтканда 9 айда пландаштырылган туристтердин келиши 50% ды түзө турган болсо, анда жумшалган каражат толугу менен кайтарылат. Ал эми келгендер 100% га жетсе, 612,9 миң доллар киреше менен чыгат. Кийинки жылдын кирешеси биринчи жылга салыштырмалуу кыйла арбындык кылат (*2-таблица*).

2-таблица. «Кыргыз айылын» иштетүүгө жумшалган инвестициялык каражаттын кайтарымдуулугу

| Көрсөткүчтөр | Айылга жумшалган инвестициянын кайтарымдуулугу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | биринчи жылы | | экинчи жылы | | үчүнчү жылы | |
| Туристердин келиши, % | 100 | 50 | 100 | 50 | 100 | 50 |
| Таза киреше, миң сом | 612950 | 306475 | 768450 | 384225 | 768450 | 384225 |
| Алгачкы жумшалган жалпы акча каражаты | 309550 доллар | | | | | |
| Акталышы | 1.98 | 0.99 | 2.48 | 1.24 | 2.48 | 1.24 |

Булак: автор даярдаган материал

## ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй илимий-теориялык жана практикалык жыйынтык чыгарылды.

1.Учурдагы дүйнөлүк ааламдашуу жана барган сайын кеңейип жаткан интеграциялык процесстин жүрүшүндө ар бир өлкө базар мамилелеринин алкагында тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүүгө, эркин сооданын багыттарын кеңейтүүгө бир жагынан ынтызар болсо, экинчи жагынан дүйнөлүк деңгээлдеги айыгышкан атаандаштык аргасыз кылат. Ал эми тигил же бул мамлекеттин эмгектин эл аралык бөлүнүшүнө аралашуусу улуттук экономиканын кызыкчылыгын эске алып караганда, тышкы соодадагы жүгүртүүнүн көлөмүнүн арбышы менен эле чектелбестен, эң ири өлчөмдө ага катышуунун канчалык деңгээлде экономикалык жактан натыйжалуу экендигинин негизинде аныкталат. Тышкы экономикалык байланышты инеграциялоодон, кеңейтүүдөн өксүгөн өлкө ийгиликке жетише албайт. Ушундай жагдайды толук эске алуу менен тышкы экономикалык байланышка

олуттуу таасирин тийгизүүчү факторлор ишти даярдоонун жүрүшүндө кеңири иликтенди.

2. Калыптанган дүйнөлүк экономикалык системанын башкы өзгөчөлүгү аймактык деңгээлдеги эл аралык интеграциялык байланышты кеңейтүү башкы маселенин бирине айланып олтурат. Ар башка өлкөлөр менен тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүдөн, шериктештикти күчөтүүдөн төмөнкүдөй бир топ ийгиликтерге жетише алат: эл аралык эмгектин бөлүнүшүнө катышуу аркылуу ал өлкө экономиканын тигил же бул секторундагы атаандаштык мүмкүнчүлүгүн пайдалана алат; өлкөнүн казнасына чет элдик валютанын түшүп турушуна жетишет; улуттук жана дүйнөлүк деңгээлдеги өндүрүшкө жумшалган чыгымдарын өлчөмүн салыштырып талдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт; эң мыкты инновациялык технологияларды өздөштүрүүгө, уюштуруу, башкаруу жагынан тажрыйба топтоого, колдонууга ыңгайлуу жагдай келип чыгат; улуттук жана дүйнөлүк экономикалык өнүгүүнү бир деңгээлге көтөрүлүшүнө тиешелүү өлчөмдө түртkү болот.

3. Базар экономикасынын шартында Кыргыз Республикасы үчүн тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүү, карым-катнашты кеңейтүү, региондук түрдүү интеграцияга аралашуу, дүйнөдөгү түмөндөгөн өлкөлөр менен эриш-аркактыкта экономикалык, соода-сатык келишимдерин улам барган сайын кеңейтүү зарылчылыгы келип чыгууда. Ушундай нуктан жасалып жаткан иштерди тереңдетип, интеграциянын шартында келип чыккан маселелерди ыкчам жана туура чечүү экономикалык жактан кыйла пайдалуу. Кыргызстандын тышкы экономикалык байланышын ар тараптан кеңейтүүнүн башкы багыттарынын бири Түркияга тыгыз байланыштуу. Эки өлкөнүн ортосундагы тышкы сооданын көлөмү 2001-жылы 23657,1 миң доллар болсо, 2013-жылы 302666,5 миң долларды түзгөн. Экспорт менен импорттун негизин азыр текстиль жасалгалары, электр техникалык жабдуулар, өнөр жай товарлары, минералдуу продуктулар, өсүмдүк түрлөрүнүн азыктары, даяр тамак-аш, кагаз ж.б. ээлейт. Келечекте бул көрсөткүчтү 1,0 млрд доллардан ашыруу боюнча мамлекеттик деңгээлде атайын биргелешкен чечим кабыл алынган. Бул багытта бир катар иштер аткарылып жатат.

4. Эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланыш ишинин башкы багыттарын трансформациялоонун негизи аныкталды. Буга төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

- тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнү кызыктыруунун негизи катарында экономиканы тең салмактуулукта өнүктүрүү, чарба комплекстеринин түзүмүнүн шайкеш келбеген жактарынан арылтуу;
- экономика секторлорун социалдык нукка көбүрөөк багыттоо (импорттун көлөмүн мүмкүн болушунча кыскартуу, түрдүү адистиктеги сапаттуу кадрларды даярдоого жетишүү, жыл сайын жаңы жумуш орундарын ачуу);
- экспорттун көлөмүн арбытуу жана экономиканын өсүшүн жогорулатуунун башкы фактору катары болгон ички потенциалдык мүмкүнчүлүктү натыйжалуу пайдаланууга жетишүү;
- дүйнөнүн көп өлкөлөрү менен, айрыкча, эки мамлекет ич ара экономикалык кызматташтыкты, соода ишин кеңейтүүнү узакка чейин божомолдоого жетишүү.



5. Келечекте эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышын кеңейтүү, туризм бизнесин өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында туристтик имиджи калыптандыруу, атаандаштыкка түздөн-түз байланыштуу талаптарды, тиешелүү чечим чыгаруудан мурда ар тараптан тактоо, туризм бизнесине байланыштуу эл аралык базардын кайсы сегментинен тартуу туура экендиги, туризмдин кандай түрлөрү узак мөөнөттүү экендигин илимий негизде аныктоо, маркетингдик изилдөө жүргүзүү зарылчылыгы бул изилдөө ишинде баса көрсөтүлдү;

6. Экономиканын агрардык секторундагы даярдалып жаткан сырьелордун ичинен эң келечектүүсүнүн бири катары эсептелген төө буурчактын айдоо аянтын кеңейтүү, түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, кайра иштетүү жана чет мамлекеттерге чыгаруучу экспорттун көлөмүн мындан ары карай кыйла арбытып, дүйнөлүк базарда атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттыруу зарыл экендиги аныкталды. Бул багыттагы ишти илгерлетүү максатында Талас облусуна төө буурчакты тазалоочу цех куруунун зарылчылыгы аныкталып, экономикалык жактан кыйла пайдалуу экендиги эсептелип чыкты.

7. Иште түрк калкына жана Түркияга келген көптөгөн туристтерге Кыргызстандын туристтик комплексинин потенциалдык мүмкүнчүлүгү, биринчи кезекте, ажайып кооз жаратылышы, асман тиреген тоолору, көчмөндөрдүн далай кылымды карыткан турак жайын, анын ичиндеги көздүн жоосун алган жасалгаларын, улуттук кийимдерин, түрдүү эмеректерин жакындан тааныштыруу аркылуу өлкөгө туристтердин көбүрөөк келишине жетишүү максатында Анталия шаарынын четине он бир боз үйдөн турган «Кыргыз айылын» жайгаштыруу сунушталды. Алдын ала эсептөө көрсөткөндөй, айылды жылына 9 айдан иштетүү бир жагынан ага жумшалган каражат толугу менен акталып, экономикалык жактан пайдалуу болсо, экинчи жагынан, «Кыргыз айылы» менен жакындан таанышкан туристтер Кыргызстанга келүүгө, өз көзү менен бардыгын көрүүгө ынтызарлыгы күчөй тургандыгы көрсөтүлдү.

Диссертациялык ишти иликтөөдөн келип чыккан жыйынтыгы Кыргызстан менен Түркиянын тышкы экономикалык байланышынын өнүгүү тенденциясын, анын экономикалык өсүшкө тийгизүүчү таасирин кеңири, так билүүгө, аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Ошону менен катар эле иштеги көрсөтүлгөн сунуштар, долбоорлор эки өлкөнүн мындан аркы экономикалык, социалдык жактан карым-катнашын арттырууга, тышкы экономикалык байланышты интеграциялык процесстин шартында чыңдоонун негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн колдонууга мүмкүнчүлүк түзүшөт.

## ТЕМА БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕР

1.Халил Коч. НГУ Кыргызстандын ааламдашуу шартындагы тышкы сооданы өнүктүрүү тенденциясы. "Вестник КЭУ", №2 (18) 2011.101-103беттер.
2.Халил Коч. Онталаев Д.О. Состояние платежных балансов стран Таможенного союза. "Вестник КЭУ", №1 (17) 2011. Стр.33-37
3. Халил Коч. Кыргызстан и его место в современном мировом хозяйстве. "Известия Вузов" №4 2011. Стр.83-85.
4.Халил Коч. Тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн теориялык негизи. "Вестник КЭУ", №3(19 )2011. 112-115беттер.
5. Халил Коч Атышов К., Бекбоева М.А., Человеческие ресурсы и международный опыт в управлении качеством услуг индустрии гостеприимства для постсоветских стран. Материалы Международной научно-практической конференции "Послесоветское пространство: перспективы международного сотрудничества и партнерства", Бишкек, 2011. Стр.212-218.
6. Халил Коч. НГУ. Түркиянын соода-экономикалык байланшынын өнүгүү деңгээли. "Вестник КЭУ", №1(24 ) 2013 (Мусакожоевское читение). 158-160 беттер.
7.Халил Коч., Атышов К.А., Фронтбек кызы Ж., Основные направления расширения экспортного потенциала в Кыргызской Республике. «АльПари» Экономический журнал, К экономическим причинам возникновения проблем европейской валютной системы №4/2013. Стр.65-68.
8.Халил Коч., Атышов К.А., Бекбоева М.А., Вопросы туризма в Кыргызской Республике на Великом Шелковом пути. "Педагогика и Психология" Казахский Национальный Педагогический Университет им.Абая. 2(19) 2014. Алматы 2014. Стр.13-19.



Халил Кочтун «Тышкы экономикалык байланышты кеңейтүүнүн өзгөчөлүгү (Кыргызстан менен Түркиянын мисалында)» темасындагы 08.00.05-экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациянын

## Резюмеси

***Негизги сөздөр:*** ааламдашуу, тышкы соода, интеграция, атаандаштык, экспорт, импорт, тышкы экономикалык мамиле.

***Изилдөөнүн объектиси*** катары эки өлкөнүн ааламдашуунун жана интеграциянын шартындагы тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүү болуп саналат.

**Иликтөөнүн предмети** катары өлкөлөрдүн базар экономикасынын тышкы экономикалык байланышынын өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү.

**Диссертациялык иштин максаты:** Кыргызстан менен Түркиянын тышкы экономикалык байланышынын маанисин, аны өнүктүрүүнүн багыттарын иштеп чыгуу, ааламдашуу шартында тышкы соода, социалдык өнүгүү ишин жакшыртуунун башкы багыттарын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** жалпы жана салыштырып талдоо, синтездөө, байкоо жүргүзүү, системалык, статистикалык, балансылык методдор.

**Алынган жыйынтыктар:** өлкөлөрдүн тышкы экономикалык байланышынын өнүгүшүнүн, алардын формаларынын түрлөрүнүн өсүшүнүн тышкы чөйрөнүн тынымсыз өзгөрүшүнө дайыма дал келе тургандыгы; экономикалык секторлордун алдыга коюлган стратегиялык максаттарга так жооп бериши; өз кезегинде ал мамлекеттин дүйнөлүк чарба комплексиндеги тышкы экономикалык байланышынын ээлеген ордун аныктоого мүмкүндүк бере тургандыгы аныкталды. Практикалык сунуштар өлкөлөрдүн экономикалык секторлорунун, биринчи кезекте тышкы экономикалык байланыштын айрым багыттарын өнүктүрүүгө, товар алмашуудагы, билим берүүдөгү, туризм бизнесиндеги карым-катнашты күчөтүүгө олуттуу түрткү боло тургандыгы негизделген. Тышкы экономикалык байланышты кеңейтүүнү көздөп, боз үйлөрдүн тобунан куралуучу «Кыргыз айылы» туризм бизнеси эң мыкты өнүгүп жаткан Түркиянын аймагында реклама катары жайгаштыруу боюнча атайын долбоорун келечекте ишке ашыруу практикалык жактан өтө маанилүү экендиги аныкталды.

***Пайдалануу деңгээли.*** Эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүү боюнча диссертанттын сунуштары Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы экономикалык ар тараптуу карым-катнашты мындан ары карай кыйла кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

***Колдонуу чөйрөсү:*** изилдөөнүн теориялык жана практикалык жыйынтыктары эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүүгө, жогорку окуу жайларында окутуу процесстерине жана туризм бизнесин кеңейтүүгө кеңири пайдаланууга болот.